«КАБЫЛ АЛЫНДЫ»
Ж.Баласагын атындагы
КУУнун Окумуштуулар
кеңешинин отурумунда
Протокол №11
30-июнь 2025-ж.

«БЕКИТЕМИН»
Ж.Баласагын атындагы
КУУнун ректору
проф. Д.Т.Чонтоев
__________
__________2025-ж.

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жана кызматкерлеринин Scopus, Web of Science жана Google Scholar маалыматтык-аналитикалык базасында индекстелүүчү басылмаларга макалаларды жарыялоо активдүүлүгүн шыктандыруу жөнүндө**

**ЖОБО**

**Бишкек-2025**

**Документтин аталышы:** Жусуп Баласагын атындагы КУУнун профессордук-окутуучулук курамынын жана кызматкерлеринин Scopus, Web of Science жана Google Scholar маалыматтык-аналитикалык базасында индекстелүүчү басылмаларга макалаларды жарыялоо активдүүлүгүн шыктандыруу жөнүндө жобо.

**Иштеп чыккан башкармалык:** Илим жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү башкармалыгы.

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Жусуп Баласагын атындагы КУУнун профессордук-окутуучулук курамынын жана кызматкерлеринин Scopus, Web of Science жана Google Scholar маалыматтык-аналитикалык базаларында индекстелүүчү басылмаларда макала жарыялоо активдүүлүгүн шыктандыруу жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети (мындан ары – Университет, КУУ) профессордук-окутуучулар курамынын жана кызматкерлеринин Scopus, Web of Science жана/же Google Scholar эл аралык индекстерине киргизилген чет өлкөлүк илимий басылмалардагы илимий эмгектердин санын көбөйтүүгө, алардын сапатын (анын ичинде шилтемелерин) жогорулатууга, ошондой эле Университеттин жана илимий-изилдөөчүлүк уюмдардын кыргызстандык жана дүйнөлүк рейтингдериндеги позициясын жогорулатууга өбөлгө түзүүчү иш-чаралардын тутумун иштеп чыгуу максатында иштелип чыкты.

1.2. Бул Жобо КУУнун Scopus, Web of Science жана Google Scholar илимий маалыматтык-аналитикалык базасында индекстелүүчү илимий эмгектердин сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүнүн Университет тарабынан аткарылышы үчүн материалдык шыктандыруунун тартибин жана төлөмдөрдү эсептөө жана ишке ашыруу талаптарын аныктайт.

1.3. Бул Жободо төмөнкү түшүнүктөр жана аныктамалар колдонулат:

*Илимий эмгектерди жарыялоо активдүүлүгү* – автордун же илимий жамааттын, же башка жамааттык автордун (уюм, регион, өлкө) илимий-изилдөө ишмердигин илимий публикация түрүндө ишке ашырылган натыйжасы.

*Илимий шилтемелердин маалыматтык-аналитикалык базасында индекстөө* – журнал, илимий эмгек, мета-маалыматтар жөнүндө маалыматты илимий шилтемелөөчү маалыматтык-аналитикалык базасына же илимий журналдарда жайгаштыруу.

*Публикация* – макала, биография, монография, резюме, конспекти, клиникалык изилдөө, түзөтүү, ката, баяндаманын тезиси ж.б. түрүндө чагылышы мүмкүн болгон илимий, публицистикалык, илимий-популярдуу чыгарма.

*Макала* – илимий журналдагы кичине өлчөмдөгү илимий, публицистикалык, илимий-популярдуу чыгарма.

*Конференциянын материалдары* – баяндамалар түрүндөгү конференциянын жыйынтыгын камтыган мезгилдүү эмес жыйнак (же жыйнактагы илимий эмгек).

*Scopus* – Elsevier компаниясынын цитаталоо маалыматтык-аналитикалык индекс тутуму (www.scopus.com).

*Web of Science* – Thomson Reuters компаниясынын цитаталоо маалыматтык-аналитикалык тутуму (www.webofknowledge.com).

*Google Scholar* - ар кандай форматтар менен тармактардагы илимий адабияттарды индекстеген, акысыз жеткиликтүү веб-издөө системасы. Бул система Google тарабынан 2004-жылы ишке киргизилген (https://scholar.google.com)

*Квартиль Q* – Scopus жана Web of Science маалыматтык базасында сапаттык деңгээлин, башкача айтканда журналдын илимий коомчулук тарабынан суроо-талапка ээ болушун чагылдыруучу библиометрикалык көрсөткүчтөр аркылуу аныкталуучу илимий журналдардын категориясы.

*Аффилиация* – илимий эмгектин авторунун тигил же бул илимий, билим берүүчү же эксперттик уюм менен байланышын көрсөтүү. Автордун негизги жумуш орду же изилдөө жүргүзүлгөн уюм көрсөтүлүшү мүмкүн.

*Чет өлкөлүк авторлош* – Илимий эмгектин аффилиациясында Кыргызстандан башка өлкөнү жана уюмду көрсөткөн автор.

*Жаңы автор* – ушул Жобонун талаптарына жооп берген, илимий эмгекке таандык болгон шилтемелер базасында (Scopus, Web of Science жана Google Scholar) буга чейин жарыяланбаган басылманын автору.

1.5. Бул Жобо, ошондой эле ага өзгөртүүлөр жана толуктоолор КУУнун Илимий техникалык кеңеши (ИТК) жана Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

**2. Илимий эмгекке талаптар**

2.1. Комиссиянын кароосуна автордук реквизиттеринде (аффилиациясында) жумуш орду катары КУУну көрсөткөн жана Scopus маалыматтык-аналитикалык базасында Университеттин профилине (чет тилдеги аталышын Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn же **Jusup Balasagyn Kyrgyz National University**), же башка тилдерде КУУнун туура которулушун колдонгон авторлордун илимий эмгектери кабыл алынат.

2.2. Комиссиянын кароосуна «biographical-item» (биография), «in book» / «book chapter» (монографиянын бөлүмдөрү), «abstract» (резюме, конспект), «clinical trial» (клиникалык изилдөө), «correction» (түзөтүү), «erratum» (ката), «meeting abstract» (тезистер) түрлөрүнөн башка Scopus маалыматтык-аналитикалык тутумдарында индекстелүүчү баардык илимий эмгектер кабыл алынат.

2.4. Эгер илимий эмгек бир мезгилде эки библиографиялык база боюнча, мисалы Web of Science боюнча индекстелип жатса, анда эсеп Scopus базасы боюнча жүргүзүлөт.

**3. КУУнун профессордук-окутуучулар курамынын жана кызматкерлеринин макала жарыялоо активдүүлүгүн колдоо боюнча иш чараларды жүзөгө ашыруу тартиби:**

3.1 Профессордук-окутуучулар курамынын жана кызматкерлердин илимий активдүүлүгүнө дем берүү, ар бир жылдын май жана декабрь айларында, Scopus маалыматтык-аналитикалык базасында индекстелген журналдардагы илимий эмгектер боюнча өткөн календардык жылдагы илимий эмгектер боюнча жүргүзүлөт.

3.2. Авторлордун илимий активдүүлүгүн колдоо боюнча иш чаралардын алкагында, КУУнун профессордук-окутуучулар курамынын жана кызматкерлери, кызмат ордун алмаштыргандар, ар бир календардык жылдын 10-январына карата университеттин профессордук-окутуучулар курамынын жана илимий кызматкерлеринин ээлеген кызмат орундарына, кызмат акысына жана жумуш ордунун түрүнө карабастан (негизги иштеген жери, айкалыштырып иштеген иши (ички, тышкы) шыктандыруу төлөмдөрүн алуу укугуна ээ.

4. **Басылмаларды эсепке алуу жана талдоо тартиби**

4.1 Басылмалардын эсебин, ар бир календардык жылдын 10-январына чейин, Илим жана ЖОЖдон кийинки кесиптик ББ башкармалыгы (мындан кийин башкармалык) тарабынан жүргүзөт.

4.2 Scopus, Web of Science жана Google Scholar маалыматтык-аналитикалык базаларында илимий эмгек индекстелгенден кийин, башкармалык Scopus маалыматтык-аналитикалык системада индекстелген басылмаларда илимий эмгек жөнүндө билдирүү даярдайт жана аны басылманын авторлоруна макулдашууга жөнөтөт

4.6. Башкармалык жылына эки жолу (май, декабрь), макала жана фамилия тизмелерин, макала жарыялоо активдүүлүгүн материалдык стимулдаштыруу үчүн, каралган төлөмдөрдүн өлчөмүн көрсөтүү менен буйруктун долбоорун даярдоо үчүн кадрлар бөлүмүнө жөнөтөт.

**5. Илимий эмгек төлөмдөрүн эсептөө тартиби.**

5.1 Илимий эмгек үчүн төлөмдүн өлчөмү Scopus маалыматтык-аналитикалык шилтеме системаларында илимий эмгектердин түрүн жана илимий эмгектин квартилин эске алуу менен аныкталат.

5.2 Scopus системасында индекстелген мезгилдүү илимий журналдарга жарыяланган илимий макалалардын квартилдерине жараша башкармалык тарабынан аныкталып, тиешелүү жетекчилер менен макулдашылып, ректор тарабынан бир жолку акчалай сыйлык

**Тиркеме 1**

**Scopus маалыматтык-аналитикалык системаларында индекстелген журналдардагы илимий макала жөнүндө маалымат берүү:**

Басылманын аталышы / макаланын аталышы
Макала жарыяланган журналдын аталышы
Жылы
Номери же чыгарылышы (бар болсо)
Том (бар болсо)
Барактар
Авторлордун саны
Санариптик объект идентификатору (DOI)
Макаланын 1-авторлорунун аты-жөнү, КУУда институт/факультет, кафедра, ээлеген кызматы,
Илимий даражасы, наамы
Макаланын 2-чи жана андан кийинки авторлорунун аты-жөнү, КУУда институт/ факультет, кафедра, ээлеген кызматы,
Илимий даражасы, наамы

Авторлоштор:

1)________________/_____________
(кол тамга) (аты-жөнү)
2)________________/ _______________
(кол тамга) (аты-жөнү)
3)________________/ _______________
(кол тамга) (аты-жөнү)

_____________
Датасы

ыйгарылат. Ушул пункттун негизинде Scopus журналдардын квартилдерине карата акчалай сыйлыктардын өлчөмү төмөндө аныкталат жана бир жолку акчалай сыйлык ректор тарабынан ыйгарылат.

**6. Scopus базасында индекстелген журналдар**

6.1 Scopus базасында индекстелген журналдар төрт Quartile Q1, Q2, Q3, Q4 болуп категорияларга бөлүнөт.

6.2 Бир жолку төлөнүүчү сыйлык КУУнун штаттык жана айкалыштырган негизде иштеген профессордук-окутуучулар курамына жана кызматкерлерге берилет. Авторлордун аффилиациясы КУУнун атынан так даана көрсөтүлүшү талап кылынат, мисалы англис тилинде Jusup Balasagyn Kyrgyz National University.

6.3 Scopus Q1 квартилиндеги журналга жарыяланган макала үчүн университет тарабынан **45 000** (кырк беш миң) сом бир жолку сыйлык ыйгарылат. Эгерде КУУнун атынан бир нече авторлор болсо, алардын арасындагы биринчи авторго 22 500 сом (50%) берилет, жана макаланын экинчи жана андан кийинки орундагы авторлоштору болсо, калган 22,500 (жыйырма эки миң) сом алардын арасында тең бөлүнөт. Башка өлкөлөрдөгү университеттерден авторлоштордун болуусу колдоого алынат, бирок КУУ аларга шыктандыруучу сыйлык төлөбөйт.

6.4 Scopus Q2 квартилиндеги журналга жарыяланган макала үчүн университет тарабынан **35 000** (отуз беш миң) сом бир жолку сыйлык ыйгарылат. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, биринчи авторго 17,500 сом (50%) Q2 категориясындагы журналга жарыяланган макаланын экинчи жана андан кийинки орундагы авторлоштору болсо, калган 17 500 (он жети миң беш жүз) сом алардын арасында тең бөлүнөт.

6.5 Scopus Q3 квартилиндеги н журналга жарыяланган макала үчүн университет тарабынан **25 000** (жыйырма беш миң) сом бир жолку сыйлык ыйгарылат. Биринчи авторго 12 500 сом (50%), макаланын экинчи жана андан кийинки орундагы авторлоштору болсо, калган 12 500 (он эки миң) сом алардын арасында тең бөлүнөт.

6.6 Scopus Q4 квартилиндеги журналга жарыяланган макала үчүн университет тарабынан **15 000** (он беш миң) сом бир жолку сыйлык ыйгарылат. Биринчи авторго 7 500 сом (50%), жана макаланын экинчи жана андан кийинки орундагы авторлоштору болсо, анда калган 7 500 (жети миң беш жүз) сом алардын арасында тең бөлүнөт.

6.7 Scopus квартили жок журналга жарыяланган макала үчүн университет тарабынан **10 000** (он миң) сом бир жолку сыйлык ыйгарылат. Биринчи авторго 5 000 сом (50%) башка экинчи жана андан кийинки орундагы авторлоштору болсо, калган 2 500 (эки жарым миң) сом алардын арасында тең бөлүнөт.

Аткаруучу: Илим жана ЖОЖдон кийинки билим берүү башкармалыгынын башчысы -

*PhD Тыналиев У.М.* ______ “16” июнь 2025-ж.

**Макулдашылды:**

| | |
|---|---|
| Биринчи проректор – окуу иштери боюнча проректор | Шамшиев А.Б. |
| Илимий иштер боюнча проректор | Камчыбек уулу М. |
| Илим жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүү башкармалыгынын башчысы | Тыналиев У.М. |
| Пландоо-финансылык бөлүмүнүн башчысы | Мамаева А. |
| Кадрлар башкармалыгынын башчысы | Жайнакова А.А. |
| Юридика бөлүмүнүн башчысы | Токтоналиев Р.К. |